# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН 2022-2023-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК ИШТЕР БОЮНЧА АТКАРЫЛГАН ИШТЕРГЕ МААЛЫМДАМА

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №97 жалпы орто билим берүү мектеби**

**Илимий-усулдук иштер боюнча маалымдама**

**(Сентябрь)**

1. Мектептин методикалык ишинин бир жылдык планы түзүлдү жана бекитилди.

2. №97 жалпы орто билим берүү мектебинде илимий-усулдук иштерди жүргүзүүнү камсыздоо максатында укуктук-ченемдик актылар даярдалды жана бекитилди.

3. 2022-2023-окуу жылынын сентябрь айына карата №97 жалпы орто билим берүү мектебинде 7 усулдук бирикмелер түзүлүп, төмөндөгү мугалимдер усулдук бирикмелердин жетекчиси катары дайындалып иш алып бара башташты.

| № | Усулдук бирикме | Жетекчинин аты-жөнү |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмеси | Сапалова Динара Асановна |
| 2 | Орус тили жана адабияты усулдук бирикмеси | Уркунбаева Аида Надырбековна |
| 3 | Англис тили усулдук бирикмеси | Абылкасымова Жылдыз Сыртбаевна |
| 4 | Башталгыч класстарынын усулдук бирикмеси | Үсөнбай кызы Жазира |
| 5 | Так илимдер усулдук бирикмеси | Жаныбек кызы Алтынай |
| 6 | Эстетика усулдук бирикмеси | Кутманова Марина Өзүбековна |
| 7 | Табигый жана социалдык илимдер усулдук бирикмеси | Назарбек кызы Динар |

4. Ошондой эле усулдук кеңештин курамы түзүлүп бекитилди.

5. Мугалимдердин календарлык-тематикалык пландаштыруулары усулдук бирикмелердин кеңешмелеринде каралып, 15-сентябрда календарлык-тематикалык пландаштыруу каралды.

5. “Медиа жана маалыматтык сабаттуулукту жогорулатуу менен документ иштерин электрондук форматта жургүзүү жана алмашуу” аталышындагы семинар өтүлдү. Семинарга 45 мугалим катышты.

6. Күндөлүк сабактын планын жазуу боюнча жаш мугалимдерге (педагогикалык тажрыйбасы 5 жылга чейинки мугалимдерге) “Сабактын максатын туура коюу” аталышындагы тренинг өтүлдү. Тренинге жаш мугалимдер катышты.

7. Жалпы мугалимдердин жана жаш мугалимдердин сандык жана сапаттык курамы түзүлдү жаш мугалимдерге насаатчылар дайындалып бекитилди.

**Илимий-усулдук иштер боюнча директордун орун басары** А.Б. Ашырбеков

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №97 жалпы орто билим берүү мектеби**

**Илимий-усулдук иштер боюнча маалымдама**

**(Октябрь)**

1. Мугалимдердин адистик деңгээлин жогорулатуу жана өз ара тажрыйба алмашуу максатында усулдук бирикмелердин декадаларынын графиги түзүлдү жана бекитилди.

2. Орус тили жана адабияты бирикмесинин декадасы 17-октябрдан 31-октябрга чейин өтүлдү. Декаданын алкагында орус тили жана адабияты бирикмесинин мугалимдери бир катар иш-чараларды жана ачык сабактарды өтүштү.

3. Мугалим-окуучу арасындагы чыр-чатактык кырдаалдын алдын алуу, эмоцияны туура башкара билүү, эмпатиялык ой-жүгүртүү сыяктуу негизги аспектилерди педагогдордун өздөштүрүүсүн камсыз кылуу максат “Билим берүүдөгү жумшак көндүмдөр же эмоционалдык интеллект” аталышындагы сентябрь айына коюлган семинар октябрь айында өтүлдү. Семинарга 45 мугалим катышты.

4. Мугалимдердин санарип технологиялар менен иштеп, окуучуларга эффективдүү сабак өтүүсүн камсыз кылуу максатында интерактивдүү панель, проекторлор менен иштөө боюнча мастер класс өтүлдү.

**Илимий-усулдук иштер боюнча директордун орун басары** А.Б. Ашырбеков

Бишкек шаарынын Ленин районунун «№ 97 жалпы орто билим берүү мектеби» мекемеси • Кыргыз Республикасы • Кыргызская Республика • Учреждение «Средняя общеобразовательная школа № 97» Ленинского района города Бишкек • ИНН 01407202210192

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №97 жалпы орто билим берүү мектеби**

**Илимий-усулдук иштер боюнча маалымдама**

**(Ноябрь)**

1. "Медиа жана маалыматтык сабаттуулук компоненти камтылган сабактын иштелмесин иштеп чыгуу" аталышында методикалык семинар өтүлдү. Семинарда Республикалык сынакта жеңиш алып келген сабактын иштелмесинин бет ачары көрсөтүлдү.

2. Табигый илимдер бирикмесинин мугалимдери менен усулдук бирикменин чогулушу болуп өттү.

3. Табигый жана социалдык илимдер бирикмесинин декадасы 11-ноябрдан 30-ноябрга чейин өтүлдү. Декаданын алкагында табигый жана социалдык илимдер бирикмесинин мугалимдери бир катар кызыктуу иш-чараларды жана ачык сабактарды өтүштү.

4. Google Forma аркылуу мугалимдерден I чейректеги билим берүү процессине байланышкан сурамжылоо алынып анализденди.

6. Мугалимдердин санарип технологиялар менен иштеп, окуучуларга эффективдүү сабак өтүүсүн камсыз кылуу максатында интерактивдүү панель, проекторлор менен иштөө боюнча мастер класс өтүлдү.

**Илимий-усулдук иштер боюнча директордун орун басары** А.Б. Ашырбеков

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №97 жалпы орто билим берүү мектеби**

**Илимий-усулдук иштер боюнча маалымдама**

**(Декабрь)**

1. Илимий-изилдөө иштерди жана долбоорлорду жазуу боюнча семинар өтүлүп, мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүлдү.

2. 1-декабрдан 20-декабрга чейин башталгыч класстар бирикмесинин декадасы болуп өттү. Декаданын алкагында башталгыч класстар бирикмесинин мугалимдери бир катар кызыктуу иш-чараларды жана ачык сабактарды өтүштү. “Билим дүйнөсүнө саякат” аталышындагы иш-чарага 1-4-класстын окуучулары катышты.

3. Курч респиратордук вирустук оорулардын күчөшүнө байланыштуу декабрь айында окуучулар убактылуу аралыктан окутууга өтүшкөн. Мындан улам, чейректик иштерди алууда, тесттик иштер менен иштөөдө, кайтарым байланыш жүргүзүү жана сабакты бышыктоодо кагаз иштерин азайтуу максатында “Google Forma тиркемеси менен сурамжылоо жүргүзүү” аталышындагы семинар өтүлдү. Аталган семинар февраль айына коюлган. Мектеп администрациясынын сунушу менен бул семинар декабрь айына өтүлдү.

4. Мугалимдердин райондук, шаардык, республикалык конкурстарга катышуусун уюштуруу жана колдоо иштери жүргүзүлдү.

5. Усулдук бирикмелердеги тажрыйбалуу мугалимдердин жаш мугалимдерге берген усулдук жардамы көзөмөлдөндү.

**Илимий-усулдук иштер боюнча директордун орун басары** А.Б. Ашырбеков

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №97 жалпы орто билим берүү мектеби**

**Илимий-усулдук иштер боюнча маалымдама**

**(Январь)**

1. Январь айында өтүлгөн №3 педагогикалык кеңешмеде Карантин учурундагы дистанттык билим берүү процессине байланыштуу сурамжылоо жүргүзүлдү жана анализденди.

2. Так илимдер бирикмесинин декадасы 11-октябрдан 31-январга чейин өтүлдү. Декаданын алкагында так илимдер бирикмесинин курамындагы мугалимдери бир катар иш-чараларды жана ачык сабактарды өтүштү.

3. Республикалык “Илим, техника жана өндүрүш жумалыгын” өткөрүү боюнча иш-чаралардын графиги түзүлдү.

3. Power Point программасы менен кызыктуу слайддарды даярдоо боюнча семинар өтүлдү. Семинарга 45 мугалим катышты.

4. Билим берүү процессинде педагогикалык кадрлардын компетенттүүлүгүн жогорулатуу ишинин көйгөйлөрүн аныкталды

5. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу курстарга баруусунун графиги түзүү жана бекитүү иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле курска мектептин социалдык педагогу Н.Э. Мамбетова барып келди.

6. Мугалимдердин санарип сабаттуулугун аныктоо максатында сурамжылоо жүргүзүлүп анализденди.

7. Мектеп 2022-2023-окуу жылына жаңы ачылгандыктан методикалык ресурстардын жетишпестиги жаралган. Мектептин педагогикалык жамаатынын ишинин эффективдүүлүгүн арттыруу, методикалык жардам көрсөтүү максатында мектептин усулдук электрондук китепканасы иштелип чыкты. Жалпы 178 усулдук китеп менен усулдук китепкананын электрондук базасы түзүлдү.

**Илимий-усулдук иштер боюнча директордун орун басары** А.Б. Ашырбеков

**Бишкек шаарынын Ленин районундагы №97 жалпы орто билим берүү мектеби**

**Илимий-усулдук иштер боюнча маалымдама**

**(Февраль)**

1. Англис тили бирикмесинин декадасы 1-февралдан 28-февралга чейин коюлган. График боюнча бирикменин курамындагы мугалимдер сабактарды өтүп жатышат. Ошондой эле КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан  чейин өтүлдү. Декаданын алкагында орус тили жана адабияты бирикмесинин мугалимдери бир катар иш-чараларды жана ачык сабактарды өтүштү.

2. Мектепте Республикалык “Илим, техника жана өндүрүш жумалыгын” өткөрүү боюнча иш-чара болуп өттү. Анда жаш ойлоп табуучулардын жасаган эмгектеринин көргөзмөсү коюлду.

3. Мектептин окуучуларынан "Мектеп жана мугалим – окуучунун көзү менен" аталышындагы сурамжылоо (5-11-класстардын окуучулары үчүн) алынып анализденди.

4. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу курсуна мектептин информатика мугалими Өмүрбек кызы Айзада барып келди.

**Илимий-усулдук иштер боюнча директордун орун басары** А.Б. Ашырбеков